**Кыргыз журтчулугуна таанымал, тарыхый инсандардын сынынан өтүп, советтик- партиялык кызматтарда такшалып, абройю арткан Бөпө Каримова быйыл сексен жаш сересине келсе да акыл-эс менен кеп-кеңешке кенен, дүйнө таанымы дале терең.**



# Бөпө КАРИМОВА: «Исхак Раззаков менен насиптеш болгом»

***-Эже, куттуу да, сыйлуу да курагыңыздагы сезимдериңизди бөлүшкөнү келдим.***

-Рахмат, келгениңе. Өзүң айтмакчы сексен жаш сересинде туруп, жараткан улуу Теңириме сыйынсам, артта калган өмүр издериме кубанып турган чагым. Мен узак жана татаал жолду басып өттүм. Өмүр таржымалымдын 50 жылы эмгек китепчемде жазылса,65 жыл жоопту иштер жонумдан түшпөй эл арасында жүрөм. 16 обкомдун секретары менен иштештим. Ушул сексен жашымда да коомдук иштерден сырт калбай Ардагерлер, Аялдар Кенештеринин жана «Ак элечек энелер» коомунун мүчөсү катары жаш муундардан кеп-кеңешимди, ал эми өзүм түзгөн фонддун эсебинен кары-картаңдарга жардамымды аябай келем. Эли-журтума, коомчулукка керектүү инсан катары өзүмдү бактылуу сезип турам.

Кыргыз Республикасын башкарышкан Исхак Раззаков, Төрөбай Кулатов, Султан Ибраимов, Турдакун Усубалиев өңдүү улуу инсандар менен насиптеш, замандаш болуп калганыма жаратканга сыйынсам, өткөөл мезгилде жашап жатып, атабабаларыбыздын ыйык салтынан жазбай, кыргыздын чыгаан, патриот уулу Исхак Раззаковду тарыхый инсан катары таанып, рухун жаңыртып, сөөгү эли-жерибизге коюлганына, өткөн жыл аягында юбилейи өткөрүлгөнүнө кубанып турам дегеним .

***- Исхак Раззаков менен алгачкы таанышкан учуруңузду эстей аласызбы?***

-Эстебей эмне, эжекеңдин компьютерине (мээ) вирус кире элек. 1948-жылы ал кишини Ош областтык партиялык конференциядан көргөм. Конференция өзбек драма театрында өтүп жаткан. Тыныгуу учурунда көргөзмө уюштурулган эле.. Менин жанымда Өзгөн райондук аткаруу комитетинин төрагасы Нурбаев Мамат аке бар болуучу. Ал биринчи жолу 1937-жылы Союзга - Улуттар Советине депутат болгон. Ошол маалда Исхак Раззакович биздин катарыбызга келип, койгон экспонаттарды карап, ошол жерге жакын турган кишилерге кол берип көрүшүп калды. Мен эмнегедир ал кишинин алдында тартынып, кетенчиктеп кишилердин артында турууга аракет кылганымды байкап калды көрүнөт:

- Саламатсызбы? -деп мени тиктеп туруп, кайдан келдиңиз? -деп сурады.

- Өзгөндөн, - дедим.

-Ким болуп иштейсиз? -деп калды.

-Мугалим, мектептин директорумун, - дедим.

- Аа, жакшы, экен. Бар болуңуз,- деп менден өтүп кетти. Бейиши болгур М. Нурбаев ошондо «Улуу кишинин назарына илиндиң, буюрса, кем болбойсуң» деген эле.

**Бөпө Каримова 1925-жылы Өзгөн районуна караштуу Карадыйкан айылында төрөлгөн. Партиялык иштерге эрте тартылып, орто мектепти окуп жатканда эле өзү окуган мектепке мугалимдикке дайындалган. Ош мугалимдер институтунан билим алуусун улантуу менен көп өтпөй Ворошилов мектебине директор болуп которулган. 1951-жылы партиянын Мырзаке райондук комитетинин идеологиялык иштер боюнча секретары болуп дайындалып, 1952-жылы республикалык партиялык мектепке окууга жиберилген. Аны бүткөн соң, Фрунзе (Кадамжай) райаткомунун экинчи катчысы, райисполкомунун председатели, Ленин(Ноокен), Сузак райаткомунун председатели, Жаңыжол (Аксы) райкомунун биринчи катчысы, Майлысай шааркомунун председатели кызматтарын аркалап, ардактуу эс алууга чыккан. Эс алууда жүрүп Оштогу соода техникумунун директору болуп да кызмат өтөгөн.**

**Бөпө Каримованын партиялык кызматтардагы үзүрлүү эмгектери өз учурунда бааланып, Ленин, «Эгек Кызыл Туу», эки жолу «Ардак белгиси», жана «Манас» ордендери , бир нече медалдар менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп төрт жолу, Кыргызстан КП БКнын мүчөлүгүнө 5 жолу шайланган.**

***- Жан дүйнө демекчи, эже, кыргыз эли сизди сөз берметтерин шөкөттөп тизген көркөм сөз чебери катары да таанышат. Дегеним , сиздин калемиңизден жаралган: «Курдаштар», «Карып», «Повороты жизни», «Элибиздин улуу инсандары» , «Датка эненин азаптуу бактысы» аттуу китептериңиз, «Тоо периси», «Жолугушуу» деген аңгемелериңиз нечендеген окурмандардын жан дүйнөсүнөн түнөк тапкан.***

- Жылуу пикириң үчүн рахмат! Чыгармачыл адамдар үчүн жүрөк толтогон жазылган китептериң, боор этиңен жаралган балдарыңдай болот тура.

***-Окурман табитин оргуштаткан повесттериңиздин жаралышына эмнелер себепчи болгон? Турмуш сабактарыбы, же түпкүрдөгү талант таасириби?***

- Айтайын дегениңди сезип турам. Партиялык, чарбалык түйшүктүү кызматтарды аркалоо менен бир нече китептердин автору болуу, энелик, үйбүлөлүк жоопкерчилик дегендей, мунун баары бир аял үчүн оор эмеспи дегени турасың го. Албетте, булар Бөпө эжеңен кээде болоттон да бекем эркти талап кылса, кээде жалпы аялзатына таандык назиктикти да талап кылды. Тактап айтканда Исхак Раззаков, Төрөбай Кулатов, Гапар Айтиев, Усман Юсупов ( Өзбек ССРинин 1-секретары), Султан Ибраимовдор жөнүндө айтылган «Элибиздин улуу инсандары» аттуу китебимди жазууга турмуш негиздери себептүү болсо, калган повесттеримдин жаралышына азыр да мага тынчтык бербей «кытыгылап» жаткан талант учкуну себеп болду окшойт.

***- Датка энебиз тууралуу жазылган китебиңиз боюнча доклад окуу үчүн Швецияда өтүүчү конференцияга чакырылгандыгыңыз жөнүндө кабарым бар эле.***

- 2002-жылы ПРООНдун гендер маселеси боюнча Украинанын борбору Киевде өткөн конференцияга кыргыз делегаттарынын катарында барып, аталган китептин орусча вариантында 50 мунута доклад жасаган элем. ПРООНдун жетекчиси Бони айым бул чыгарманы англис тилине которуп келген экен, делегаттарга таркатып , Швецияга чакыруу берген эле, тилекке каршы шарттын жоктугунан бара албай калдым.

Азыр да тынч жатпастан согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүүгө катышкан Сайпидин Атабеков, Абдрашит Атабеков, «ак алтын» устаттары : Өлмаскан Атабекова, Саадат Ногоева, Өктөм Рахманжанова өңдүү Социалисттик Эмгектин Баатырлары жөнүндө көркөм чыгарма жаратууга белсенип жатам.

***- Маек соңунда эли-журтуңузга каалооңуз?***

-Албетте, биз үчүн тааныш эмес жаңы доордун алгачкы пайдубалын түптөөдөн өтүп, алгачкы «кирпичтерин» кынообуз. Ар кайсы кубаттуу мамлекеттин кыйратуучу куралы болгон коррупция деген ириген илдеттен «дарылансак», буюрса, кең келечектин жарыгы көрүнүп турат. Биримдик менен ынтымак босогобуздан төрүбүзгө өтүп, ар бирибиздин жандүйнөбүздөн сабырдуулукка, мээримдүүлүккө, аруулукка орун берилсе деген тилегим бар. Эгемен элибизде темирдей тартип орнотулуп, мыйзамдуулук сакталышын каалар элем.

*Гүлжамал ЖОРОЕВА,*
*«Кыргыз Туусу»*